**Бишкек шаарындагы SOS окуу-тарбия комплекси**

**№_______Педагогикалык кеңешменин чечими**
**“____” ____________2026-жыл**

# ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛОО БОЮНЧА ОТЧЁТУ

## ПРОГРАММАЛЫК АККРЕДИТАЦИЯ

***Өзүн-өзү баалоо боюнча комиссиянын курамы:***

**Төрайымы:**

| | |
|---|---|
| 1. Мейрманова Сауле Жаксуликовна | - директор |

**Комиссиянын курамы:**

| | |
|---|---|
| 2. Нурманбетова Айгүл Ташиевна | - директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары |
| 3. Кулалиева Нурайым Рысбековна | - директордун тарбия иштери боюнча орун басары |
| 4. Каримова Жаңылкан Абдрахмановна | - “Мөл булак” усулдук бирикмеси |
| 5. Абатбекова Чынара Туратбековна | - “Насыят” усулдук бирикмеси |
| 6. Ниязалиева Назира Согушбековна | - “Дилгир” усулдук биркмеси |
| 7. Калыгулова Кенже Дуйшеналиевна | - башкы бухгалтер |
| 8. Кыдралиева Гулзат Абылбековна | - китепканачы |
| 9. Замирбек кызы Айдай | - логист |
| 10. Абазганова Мырзайым Асейиновна | - директордун ассистенти |

Буйрук “Мектепте өзүн-өзү баалоо өткөрүү жөнүндө” 06.02.2026 ж. № 13/ 3

**Бишкек-2026**

| МАЗМУНУ | |
|---|---|
| **Кыскартуулардын тизмеси** | 3 |
| **Киришүү** | 4-5 |
| **Стандарт 1.** Билим берүү программаларын иштеп чыгуу, мониторинг жүргүзүү жана мезгил-мезгили менен баалоо | 6-15 |
| **Стандарт 2.** Окутуунун натыйжаларын кабыл алуу жана таануу | 16-22 |
| **Стандарт 3.** Инсанга багытталган окутуу жана окуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин баалоо | 23-27 |
| **Стандарт 4.** Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал | 27-35 |
| **Стандарт 5.** Материалдык жана маалыматтык ресурстар | 35-43 |
| **Жыйынтык** | 44-47 |
| **Колдонмолор** | 48-55 |

# КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

**ЖӨӨК -** Жаш өрт өчүргүч кошууну

**УПСМ -** ( Управление патрульной службы милиции)

**МККБ -** Милициянын кайгуул кызмат башкармалыгы

**УБ -**Усулдук бирикме

**КР-** Кыргыз Республикасы

**ИДН -** ( Инспекция по делам несовершеннолетних)

(Жашы жете электердин иштери боюнча инспекция)

**DSD** - Немец тил диплому

**DAAD -** Германиядагы академиялык алмашуу кызматы

**УТБ -** Улуттук тест жүргүзүү борбору

**ЖРТ-** Жалпы республикалык тест

**КББА -** Кыргыз Билим берүү илиминин кабарлары журналы.

## ПРОГРАММАЛЫК АККРЕДИТАЦИЯ

## КИРИШҮҮ

SOS Бишкек шаардык Герман Гмайнер атындагы окуу-тарбия комплексинин курулушу 2002-жылы Эл аралык SOS Балдар айылдары кайрымдуулук фондунун колдоосу менен ишке ашырылган. Герман Гмайнер XX кылымдын улуу гуманисти, SOS-KINDERDORF INTERNATIONAL кыймылынын негиздөөчүсү жана жетим балдарды тарбиялоонун гумандуу моделинин автору болуп эсептелет. Бул модель 4 принципке негизделген: апа, бир туугандар, үй - бүлө, Балдар айылы. 2006-жылдан баштап Бишкек шаарынын мэриясы коммуналдык төлөмдөрдү жана мугалимдердин айылыгынын 30% төлөп берүүгө чечим чыгаргандан кийин, коомчулуктан контрактык негизде окуучуларды кабыл ала баштаган. Бул чечим “SOS Балдар айылынын” тарбиялануучуларын жана дегеле бардык окуучуларды социалдаштырууга, келечектеги жашоого керектүү компетенттүүлүккө ээ болууга мүмкүнчүлүк берет. Азыркы күндө ОТКда 955 окуучу окуйт. Анын ичинен Балдар айылынан 26, “Үй- бүлөнү бекемдөө” долбоорунан 9, мүмкүнчүлүгү чектелген балдар 23, социалдык топ (ата-энесинин бирөөсү каза болгондор, жалгыз бой энелер, жалгыз бой аталар, үй-бүлөсүндө майыптардын болушу, Афган, Чернобыль, Баткен, Апрель окуяларынын катышуучуларынын балдары, асыранды балдар, көп балалуу үй-бүлөнүн балдары, мигранттардын балдары, тоголок жетимдер) жана коомчулуктан финансылык мүмкүнчүлүгү бар үй-бүлөнүн балдары билим алышат. Жашоо шарты, ден соолугу, мүмкүнчүлүгүнүн ар кандай болушуна карабастан, бардык окуучуларга бирдей билим берүү кызматы көрсөтүлөт.

SOS Бишкек шаардык Герман Гмайнер атындагы окуу-тарбия комплексинин 1-уюштуруучу - SOS-KDI кайрымдуулук фонду, 2-уюштуруучу - Бишкек шаарынын мэриясы. Уставка ылайык SOS Бишкек шаардык Герман Гмайнер атындагы окуу-тарбия комплекси мектепке чейинки, башталгыч, негизги, орто билим берген мекеме болгондуктан, эң жогорку органы уюштуруучулардын жалпы чогулушу болуп эсептелинет.

ОТКнын өзгөчөлүгү - Кыргызстандагы ата-энелердин жана австриялык донорлордун жардамы менен жабдылган күчтүү, уникалдуу материалдык-техникалык базасы бар немис тилин терeңдетип окуткан, кыргыз тилиндеги жеке менчик мектеп. Германиянын Тышкы иштер министрлиги тарабынан 2008-жылы башталган "Мектептер: Келечек үчүн өнөктөштөр" (PASCH) программасынын алкагында SOS Герман Гмайнер окуу- тарбия комплекси PASCH тармагынын расмий чөйрөсүнүн мүчөсү болуп саналат. Бул программа өнөктөш мектептерде немис тилин окутууну киргизүүнү же кеңейтүүнү көздөйт. Ушул максатта немис тилин үйрөнүүгө багытталган окуу-тарбия иштерин күчтүү жогорку квалификациялуу педагогдор жана кызматкерлер ишке ашырат.

SOS Бишкек шаардык Герман Гмайнер атындагы окуу-тарбия комплекси 2005-2006-окуу жылында эң биринчи бүтүрүүчүлөрүн узатышкан. Бул жылдардын аралыгында биздин бүтүрүүчүлөр дүйнөнүн төрт бурчунда өзгөчө Германияда, Австрияда жана башка мамлекеттерден ийгиликтүү окуп жана эмгектенип жатышат. 2020-2025-окуу жылы ичинде 8 бүтүрүүчү Алтын тамга - өзгөчө аттестатына , 8 бүтүрүүчү Артыкчылык аттестатына ээ болду.

Мектептин миссиясы: “Биз улуттук маданиятка жана жалпы дүйнөлүк баалуулуктарга таянуу менен заманбап коомдун жаңы лидерлерин тарбиялайбыз. Окутуунун жана өнүгүүнүн инновациялык стратегияларын колдонуу аркылуу ар бир окуучунун жекече

өзгөчөлүгүн, шыгын жана жөндөмүн өнүктүрүүгө шарт түзүп, алардын эркиндигин, жоопкерчилигин жана өз алдынчалыгын колдойбуз. Биздин мектеп – бул ар бир бала өз мүмкүнчүлүгүн ачып, өзүн таба алган, ийгиликке жетүү жолун аныктап, үзгүлтүксүз өнүгүүгө багыт алган билим берүү чөйрөсү".

Мейрманова Сауле Жакшылыковна,
почта Saule.Meirmanova@soskyrgyzstan.kg тел: 0553 777111
Нурманбетова Айгүл Ташиевна,
почта Aygul.Nurmanbetova@soskyrgyzstan.kg тел: 0551 645645
Кулалиева Нурайым Рысбековна,
почта KulalievaNuraiym@soskyrgyzstan.kg тел: 0706983100

"SOS Бишкек шаардык Герман Гмайнер атындагы окуу-тарбия комплекси" Мекемеси акыркы программдык аккредитациядан өткөндүгү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Билим Берүү жана илим министрлигинин 2021-жылдын 26-майындагы №834\1 буйругунун негизиндеги СЕРТИФИКАТ № VS210000198 мөөнөтү: 2026-жылдын 26-майына чейин берилген.

"SOS Бишкек шаардык Герман Гмайнер атындагы окуу-тарбия комплекси" Мекемеси

Юридикалык жактын аталышы: "SOS Бишкек шаардык Герман Гмайнер атындагы окуу-тарбия комплекси" Мекемеси
Уюштуруу-укуктук формасы: мекеме
Менчик: аралаш
Каттоо номери: 17601-3301-У-с
ИНН: 00805200210198
ОКПО: 23 09 23 41
Жайгашкан жери: Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Октябрь району,
А. Токтоналиев көчөсү 137А
Почта дареги: 720044
Телефон номери: (312) 545 203
Факс: (312) 547 938
e-mail: Saule Meirmanova@soskyrgyzstan.kg
Веб-сайт: https://hermanngmeiner.mektebim.kg/ru/certificates/category/oblastnye/
hgec@soskyrgyzstan.kg,
720044, 0312545203,

## 1. Минималдуу талаптардын аткарылышын талдоо жана тастыктоочу база

| № | Өзүн-өзү баалоонун критерийлери | Өзүн-өзү баалоонун жыйынтыгы | Далил базасы |
|---|---|---|---|
| **Стандарт 1. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу, мониторинг жүргүзүү жана мезгил-мезгили менен баалоо** | | | |
| 1.1. | Билим берүү уюмунун миссиясына, кызыкдар тараптардын талаптарына, эмгек рыногуна шайкеш келген так белгиленген билим берүү максаттарынын жана күтүлгөн окуу күтүлгөн натыйжаларынын болушу. | SOS Бишкек шаардык Герман Гмайнер атындагы окуу-тарбия комплексинин миссиясы: “Биз улуттук маданиятка жана жалпы дүйнөлүк баалуулуктарга таянуу менен заманбап коомдун жаңы лидерлерин тарбиялайбыз.<br>Окутуунун жана өнүгүүнүн инновациялык стратегияларын колдонуу аркылуу ар бир окуучунун жекече өзгөчөлүгүн, шыгын жана жөндөмүн өнүктүрүүгө шарт түзүп, алардын эркиндигин, жоопкерчилигин жана өз алдынчалыгын колдойбуз.<br>Биздин мектеп – бул ар бир бала өз мүмкүнчүлүгүн ачып, өзүн таба алган, ийгиликке жетүү жолун аныктап, үзгүлтүксүз өнүгүүгө багыт алган билим берүү чөйрөсү.”<br>Негизги максатыбыз: жогорку сапаттагы билимге, бекем социалдык көндүмдөргө жана жогорку адеп-ахлактык баалуулуктарга ээ, сынчыл жана чыгармачыл ой жүгүртө алган, өз алдынча чечим кабыл алган жана өз жашоосу үчүн жоопкерчиликтүү инсанды калыптандыруу. | **Тиркеме 1.1.1.**<br>Стратегиялык өнүгүү планы<br>**Тиркеме 1.1.2.**<br>Кутбилим базистик-план 11,12 жылдык<br>**Тиркеме 1.1.3.**<br>Бекитилген базистик-пландар 11,12 жылдык<br>**Тиркеме 1.1.4.**<br>Календарлык план<br>**Тиркеме 1.1.5.**<br>2024-2025-о.ж. анализи<br>**Тиркеме 1.1.6.**<br>2022-2023-о.ж. анализи<br>**Тиркеме 1.1.7.**<br>Тренингдер<br>**Тиркеме 1.1.8.**<br>Сурамжылоо, анкетирлөө<br>**Тиркеме 1.1.9.**<br>2022-2023-о.ж. чейректик отчет |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | ОТК мезгил-мезгили менен ата-энелердин, мугалимдердин, окуучулардын билим берүү программасын өркүндөтүү максатында алардын керектөөлөрүн жана канааттангандыгын сурамжылоо аркылуу жүргүзүлөт. Чогултулган маалымат жыйынтыкталып, анализделип отчет түрүндө берилет. Отчеттун жыйынтыктары жана сунуштары окуу-тарбия процессин жакшыртуу үчүн корректировка киргизүүгө мүмкүнчүлүк берет. 2021-жылдан 2025-жылга чейин билим сапатынын туруктуулугу менен тастыкталат. Окуу жылынын ичинде билим сапатынын деңгээлине мониторинг жүргүзүлөт. Окуучулардын предметтер боюнча билим, билгичтик жана көндүмдөрү старттык, жарым жылдык, жылдык текшерүү иштер аркылуу ишке ашат.. Алардын жыйынтыгы ОТКнын билим сапатынын көрсөткүчүнүн обьективдүү абалын көрсөтөт. Каталар менен иштөө өз учурунда окуучулардын билиминдеги жетишпегендиктерди жоюуга мүмкүнчүлук берет. Аларды жоюу боюнча төмөнкүдөй методикалык иштер жүргүзүлөт.<br>• Администрация тарабынан сабактарга катышуу. Аларга анализ берүү<br>• Кайтарым байланыш<br>• Өз ара сабактарга катышуу<br>• Тренингдерге катышуу<br>• Шаардык мектептердин семинар-тренингдерине катышуу<br>• Волонтерлор менен иштөө<br>• Сурамжылоо<br>• Тестирлөө<br>• Диагностикалоо<br>Билим берүү сапатынын мониторинги чейрек сайын өткөрүлгөн педкенешмелерде, 2022-2025-окуу | **Тиркеме 1.1.10.**<br>2023-2024-о.ж. чейректик отчет<br>**Тиркеме 1.1.11.**<br>2024-2025-о.ж. чейректик отчет<br>**Тиркеме 1.1.12.**<br>Өз ара сабакка катышуу<br>**Тиркеме 1.1.13.**<br>Сабактардын пландары<br>**Тиркеме 1.1.14.**<br>Педкенешменин чечимдери<br>**Тиркеме 1.1.15**<br>Миссия<br>**Тиркеме 1.1.16**<br>Кесипкке багыттоо боюнча план<br>**Тиркеме 1.1.17**<br>Кесипкке багыттоо боюнча отчет. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | жылынын окуу-тарбия иштеринин анализинде көрсөтүлгөн. Окуучулардын билим сапатынын динамикасы, кемчиликтери, жетишкендиктери ар бир предмет боюнча чагылдырылат. Мисалы: 1-“3”,1-“4”,1-“5” чыккан окуучулардын тизмеси түзүлүп алар менен жеке иш алынып барат. Ата-энелер менен байланыш түзүлүп, окуучунун ийгилиги үчүн чогуу аракеттенишет. Кошумча сабактарга катышууга сунуштар берилет.<br>Эмгек рыногунун суроо-талабы жана анын жеке өзгөчөлүктөрү сыяктуу факторлорду эске алуу менен кесиптик тандоо өздөштүрүү эң маанилүү экендиги эске алынат. Мектептеги кесиптик багыт берүү ишинин максаттары төмөнкүлөр болуп саналат:<br>1. Мектеп окуучуларына кесиптик өз алдынча чечим кабыл алууда жардам берүү;<br>2. Окуучуларга кесиптер, эмгек рыногунда суроо-талапка ээ болгон кесиптерди (техникалык, айыл чарба кесиптери) артыкчылыктуу түрдө жайылтуу;<br>3.Кесиптер жана эмгекти уюштуруу менен таанышуу максатында ишканаларга экскурсияларды уюштуруу;<br>4.Билим берүү мекемелеринин өкүлдөрү менен жолугушууларды уюштуруу;<br>5.Билим берүү мекемелеринин ачык эшиктер күнүнө баруу; | |
| 1.2. | Билим берүү программасы боюнча окуу жүктөмү билим берүү стандарттарына шайкеш келет. | Кыргыз Республикасынын Министирлер кабинетинин 2025- жылдын 14-мартындагы № 131 токтомуна ылайык бекитилген мамлекеттик билим берүү стандарттарына негизинде иш жүргүзүлөт.<br>Мектептин билим берүү процессин окуу-методикалык жактан камсыздоо Мамлекеттик билим берүү стандартынын (МББС) талаптарына ылайык уюштурулган. Мугалимдер методикалык | **Тиркеме 1.2.1.**<br>Кутбилим<br>**Тиркеме 1.2.2.**<br>Базистик план 11 жыл<br>**Тиркеме 1.2.3.**<br>Базистик план 12 жыл<br>**Тиркеме 1.2.4.**<br>Түшүндүрмө |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | комплекстерди, көрсөтмө куралдарды, электрондук китепкананын ресурстарын пайдаланышат, ошондой эле компьютердик класс, физика кабинети, актылар залы жана башка кабинеттердин базасында маалыматтык-коммуникациялык технологияларды (МКТ) колдонушат.<br>Китепкананын жана методикалык кабинеттин фондунда методикалык адабияттар бар. Мугалимдер тарабынан иштелип чыккан методикалык материалдар методкабинетте сакталат жана педагогдор тарабынан иш жүзүндө колдонулат. Окуучулардын муктаждыктарын, ата-энелердин каалоолорун талдоонун жыйынтыгы боюнча жана мектептин мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен мектепте  өнүктүрүүчү 8 ийрим, 6 атайын курс иш алып барат, алардын ичинен: бий ийрими – 1, ЛФК – 1, 3Д моделдөө, комуз, тез окуу, дебат клубу ж.б.<br>Мектеп окуу-тарбия процессин уюштуруу жана иш алып баруу үчүн методикалык сунуштар жарыяланып туруучу «Кут билим», «Кутбилим. Сабак», «Байчечекей», «Кыргыз тили», «Эркин Тоо», «Методист» гезит-журналдарына жазылат. | **Тиркеме 1.2.5.**<br>Устав<br>**Тиркеме 1.2.6**<br>Билим берүүнүн каттоо күбөлүгү<br>**Тиркеме 1.2.7.**<br>Ийримдердин иш планы<br>**Тиркеме 1.2.8.**<br>Ийримдердин отчёттору<br>**Тиркеме 1.2.9.**<br>Сабактырдын жүгүртмөсү<br>**Тиркеме 1.2.10**<br>Ийримдердин графиги |
| 1.3. | Практиканын, стажировкалардын бардык зарыл жана окутуунун башка түрлөрүнүн болушу. | SOS  Бишкек шаардык  Герман Гмайнер атындагы окуу-тарбия комплексинде окуучулардын эмгек көндүмдөрүн калыптандыруу, мектеп аймагын көрктөндүрүү, жашылдандыруу жана коомдук пайдалуу эмгекке тартуу максатында 5,6,7,8,10-класстын окуучулары, класс жетекчилер, чарбалык иштер боюнча директордун орун басары (завхоз) жана нөөмөтчү мугалимдер катышкан эмгек практикасы өткөрүлүп турат.   Окуучуларга техникалык коопсуздук эрежелери боюнча инструктаж өткөрүлүп, атайын журналга кол коюшат. Практиканын соңунда активдүү катышкан окуучулар жана класстар линейкада мактоо | **Тиркеме 1.3.1.**<br>Эмгек практика өтөө графиги<br>**Тиркеме 1.3.2.**<br>Кызматташуу келишими<br>**Тиркеме 1.3.3.**<br>Эмгек практикасы боюнча материалдар |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | баракчалары менен сыйланышат. Мындай тарбиялык иштер — жаштардын эмгекке болгон мамилесин калыптандырып, жоопкерчиликтүү болууга үйрөтөт.<br>SOS Бишкек шаардык Герман Гмайнер атындагы окуу-тарбия комплексинин немис тили мугалимдери үзгүлтүксүз квалификациясын жогорулатуу курстарына катышып, улуттук жана эл аралык деңгээлдеги кесиптик стажировкага барышат.<br>2022–2026-жылдардын жыйынтыгын талдоосу боюнча немис тилинин туруктуу өнүгүүсүн, окуучулардын жогорку сапатын жана эффективдүү операциялык системаларын көрсөтөт. Эл аралык сертификаттар, олимпиада сыйлыктары, стипендиялар, Германиядагы аспирантура жана Берлиндеги тил стажировкалары кафедранын билим берүү ишмердүүлүгү аккредитациянын талаптарына жооп берерин тастыктайт.<br>Мектептин бүтүрүүчүлөрү жыл сайын Германияда билимин улантышат. Окуучулар престиждүү DAAD стипендиясын алышат, бул алардын тилдик жана академиялык даярдыгынын жогорку деңгээлин көрсөтүп турат.<br>Роскызматташтыгы (Россотрудничество) боюнча орус тилчи мугалимдерибиз: Маражапова Айнура Маматкасымовна жана Джунушева Клара Шаршеналиевна 2025-жылдын 3-сентябрынан 7-сентябрына чейин Москва шаарында өткөн 25 - Эл аралык Пушкин конкурсуна катышып келишти. Пушкин атындагы Эл аралык конкурстун лауреттары болушту. Бул боюнча ыраазычылык кат жана диплом менен сыйланышты. | |
| 1.4. | Билим берүү программасы мазмунга үзгүлтүксүз мониторинг | Билим берүүнүн программаларынын аткарылышы, билим сапатынын мониторинги ар бир чейректин | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | жүргүзүүнү жана аны жакшыртуу боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыз кылат, анын ичинде окуучулардын жана ата-энелердин күтүүлөрүн, муктаждыктарын жана канааттануусун мезгил-мезгили менен баалоо. | башында диагностикалык тест алуу, ал эми чейректин аягында жыйынтыктоочу тест аркылуу жүргүзүлөт. Экинчи  жарым жылдыктын аягында УТБ аркылуу тышкы баалоо жүргүзүлөт. Анын жыйынтыктары менен ата-энелер тааныштырылат, мугалим менен бирдикте окуучунун ийгилигин арттыруу боюнча чейрегинен 1 "3", 1 "4", 1 "5" чыккан окуучулар менен биргеликте ишалып барылат. Талантуу балдар менен,олимпиадалык резерв менен  иштөө планы тузүлгөн. Аппеляция боюнча жобо бар. Эгерде окуучу алган баасына канааттанбаса, аппеляция жолу менен комиссияга  кайрыла алат.<br>Ата-энелер менен биргеликте чогулуш жана мониторинг өткөрүлүп турат. | **Тиркеме 1.4.1.**<br>УТБнын жыйынтыгы<br>2024-2025-о.ж. окуу-тарбия планынын анализи<br>**Тиркеме 1.4.2.**<br>2022-2023 чейректик отчеттор<br>2023-2024 чейректик отчеттор<br>2024-2025 чейректик отчеттор<br>2025-2026 чейректик отчеттор<br>**Тиркеме 1.4.3.**<br>Аппеляциялык жобо<br>**Тиркеме 1.4.4.**<br>Анкетирлөө<br>**Тиркеме 1.4.5.**<br>Ата-энелер чогулушу, протокол<br>**Тиркеме 1.4.7.**<br>Окуу билимдери боюнча мониторинг |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1.5. | Инновациялык окуу-методикалык ресурстарды, педагогикалык методдорду, формаларды жана технологияларды колдонуу. | SOS Бишкек шаардык Герман Гмайнер атындагы окуу-тарбия комплексинин мугалимдери окуу процессинде заманбап инновациялык методдорду, формаларды жана технологияларды кеңири колдонушат. Атап айтканда, окутуунун сапатын жогорулатуу максатында **bilim.gov.kg, ilimbox.kg, kitep.edu.gov.kg, ibilim.kg** жана **yaklass.ru** сыяктуу санариптик окуу-методикалык ресурстарды эффективдүү пайдаланышат.<br>Информатика мугалимдери Жуманалиева Зиядат Асанкановна, Жороева Гулмира Абдугапаровна жана Молдоева Гүлнара Мужиновна 2023-жылы төртүнчү жана 5-класстар үчүн информатикадан жумушчу дептерлерин иштеп чыгышты. 2024-жылы информатика мугалими 7-класстар үчүн кыргыз жана орус тилдеринде информатика боюнча жумушчу дептерин иштеп чыгып, бүгүнкү күндө окуучуларбыз аталган жумушчу дептерлери менен билим алышууда. 2024-жылы информатика мугалими Жуманалиева Зиядаттын «Python программалоо тили боюнча колдонмо" китеби жарык көрүп, 2025-жылдын январында Бишкек шаардык билим берүү департаментинин өкүлү Тешебаева Урумкан Бекболотовнанын катышуусу менен Бишкек шаарынын информатика мугалимдери үчүн шаардык семинарында китептин бет ачары болуп өттү. Ал китеп программалоо тилин окутууда кошумча методикалык колдонмо катары Кыргызстан боюнча мугалимдерге таратылды.<br>Самсалиева Канышай Өскөналиевнанын окутуу методдору, окутуу технологиялары, ата-энелер менен жүргүзгөн иш чаралары мектеп ичинде эле эмес, шаардык математика мугалимдеринин семинарларында, республикалык масштабда курска | **Тиркеме 1.5.1.**З.А.Жуманалиева<br>**Тиркеме 1.5.2.** Г.А.Жороева<br>**Тиркеме 1.5.3.** Г.М.Молдоева<br><br>**Сайттар**<br>• **bilim.gov.kg,**<br>• **ilimbox.kg,**<br>• **kitep.edu.gov.kg,**<br>• **ibilim.kg**<br>• **yaklass.ru**<br><br>**Тиркеме 1.5.4**<br>• "Python" программалоо тили боюнча колдонмо китеби<br><br>**Тиркеме 1.5.4.**<br>К.Ө.Самсалиеванын Эмгектери<br>Эркин тоо<br>Өнүгүүсү |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | келген мугалимдерге иш тажрыйбалары жайылтылып келет. 5-11-класстар үчүн математика предмети үчүн мамлекеттик стандарт, программаны түзүүгө катышкан. Жалпы билим берүүчү мектептердин 6-11-класстары үчүн Канышай Өскөналиевнанын авторлугу астында түзүлгөн өз алдынча иш, жумушчу дептерлери түзүлүп басмадан чыккан. Кыргыз мектептердин математика предмети үчүн текшерүү иштердин жана өз алдынча иштердин нормаларын иштеп чыгып, программага киргизген.<br>Өскөналиев Нарынбек Абыловичтин ютуб каналында жыйырмадан ашык илимий, методикалык макалалары, он китеби жарык көргөн. Эки китеби басылуу алдында, “Кыргыз тилин окутуунун методикасы” окуу китеби Өзбекстан Республикасынын борбору Ташкент шаарынан басылып чыгуу алдында турат. Окуу-тарбия комплексинин педагогикалык кеңешинин чечими менен (29.03 2024-ж. №4) “Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген мугалими” ардак наамына сунуштоо чечими кабыл алынган.<br>Каримова Жаңылкан Абдрахмановна “Мекен таануу” предмети боюнча мультимедиялык программасын иштеп чыгууга катышты (жумушчу топтун мүчөсү, методист); Аудирленген китептерди (балдар үчүн 3 китептин текстин) иштеп чыгууга катышкан.<br>• «Чудо-машина», «Волшебный карандаш» (кыргыз тилине которуу);<br>• Мекен таануу боюнча тематикалык плакаттарды түзүү (12 даана);<br>• «Рисованная книга» (эксперттик топтун мүчөсү);<br>• «Ай-билим» мультимедиялык ресурстун түзүүчү топтун мүчөсү (методист); | **Тиркеме 1.5.5.**<br>Өскөналиев Нарынбек Абыловичтин эмгектери-<br>-YouTube: narynbekoskonaliev3391<br><br>**Тиркеме 1.5.6.**<br>А.Ж.Каримованын эмгектери<br><br>**Тиркеме 1.5.7.**<br>А.С.Байзакова жана Ч.К.Джакыпованын эмгектери |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | • "Санарип кампа" платформасын түзүүчү топтун мүчөсү.<br>Байзакова Алмагул Сагынбаевна жана Джакыпова Чынара Куланчиевна тарабынан түзүлгөн жалпы билим берүүчү орто мектептердин 2-классы үчүн Адабий окуу китеби окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша эң сапаттуу даярдалган. Окуу китеп Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик окутуу стандарттарынын талаптарына кеңири жооп берет. Окуу программасына шайкеш түзүлгөн. Китеп кыргыз тилин өздөштүрүү процессин жеңил, кызыктуу жана түшүнүктүү кылып берүү максатын көздөгөн. Окуу куралында берилген тапшырмалар, көнүгүүлөр балдардын кызыгуусун арттырып, кыргыз тилин үйрөнүүгө, сөз өстүрүүгө болгон мотивациясын күчөтөт. Бул өз кезегинде балдарды улуттук нарк-насилде тарбиялоодо да жакшы ийгиликтерди жаратып, тарбиялык жактан өсүүсүнө оң таасирин тийгизет. | |
| 1.6. | Окуучулардын ар кандай топторунун муктаждыктарын аныктоо жана кошумча билим берүү кызматтарын уюштуруу. | Биздин ОТК немис тилин тереңдетип окуткандыктан, акыркы 5 жыл ичинде жогорку деңгээлде окутулуп, жыйынтыгын берип келет. Немис тилинин иши туруктуу тил көндүмдөрүн өнүктүрүүгө, эл аралык сынактарга даярданууга, окуучулардын академиялык мобилдүүлүгүн өнүктүрүүгө жана эл аралык кызматташтыкты кеңейтүүгө багытталган.<br>"SOS Бишкек шаардык Герман Гмайнер атындагы окуу-тарбия комплексинде окуучулардын индивидуалдык муктаждыктарын аныктоо жана аларга багытталган кошумча билим берүү кызматтарын уюштуруу системалуу түрдө ишке ашырылат. Билим берүү процессинде диагностикалык мониторингдин жыйынтыктарына таянуу менен дебат, англис тили, 3Д | **Тиркеме 1.6.1.**<br>1) Ата-энелер чогулуштары<br>2) Ата-энелер чогулуштары<br>**Тиркеме 1.6.2.**<br>Анкетирлөө<br><br>**Тиркеме 1.6.3.**<br>Психологдун отчету<br><br>**Тиркеме 1.6.4**<br>Долбоорлор менен кызматташуу |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | моделдөө, шахмат, биология, кыргыз тили боюнча атайын курстар, комуз, хореография, тез окуу, гүл өстүрүү, ЛФК,немец тили, кесипке багыттоо, «Мен жашоону сүйөм» аттуу ийримдер каралган, ал эми окууда колдоого муктаж окуучулар үчүн атайын психологдун коррекциялык иштери каралган. Бул иш-чаралар санариптик технологияларды жана заманбап педагогикалык методдорду айкалыштыруу аркылуу ар бир окуучунун билим алууга болгон укугун жана муктаждыгын толук кандуу камсыз кылууга багытталган. | |

***Күчтүү жактары:***

1. Кыргыз тилинде сапаттуу билим берүү.
2. Билим берүү программасы боюнча окуу жүктөмү билим берүү стандартына шайкеш келиши.
3. Чет тилдерди тереңдетип окутуу.
4. Эл аралык стажировкага мугалимдердин катышуусу
5. Кызыктар тараптарынын талаптарына ылайык кесипке багыт берүү ишинин болушу
6. Бардык окуучулар үчүн бирдей шарттын тузүлүшү
7. Кошумча билимдердин, атайы курстардын, ийримдердин стабилдүү иштеши. (шахмат, хореография, ЛФК, вокал, ИЗО, комуз, психология, 3D моделдөө).
8. Окуу китептери жана инновациялык окуу- методикалык ресурстарды колдонуу
9. Интернеттин жеткиликтүүлүгү
10. Окууда колдоого муктаж окуучулар үчүн атайын психологдун коррекциялык иштери каралышы.
11. Эл аралык долбоорлор менен кызматташуу.

***Алсыз жактары:***

1. Орус тилдүү окуучулардын контингентинин көбөйүшү
2. ОТКнын окуучулар контингентинин 39% социалдык топту түзгөндүгүнө байланыштуу билим сапатын мындан да жогорку көрсөткүчкө тездик менен жетүүгө мүмкүнчүлүктүн аздыгы. Себеби ден соолугу, жашоо шарты, психологиялык-эмоционалдык абалы көп эмгекти талап кылат.
3. Химия, физика сабактары боюнча лабораториялардын жетишерлик деңгээлде камсыздалбашы.

***Сунуштар:*** Химия, физика сабактары боюнча лабораториялардын жетишерлик деңгээлде камсыздоо.

| № | Өзүн-өзү баалоонун критерийлери | Өзүн-өзү баалоонун жыйынтыгы | Далил базасы |
|---|---|---|---|
| **Стандарт 2. Окутуунун натыйжаларын кабыл алуу жана таануу** | | | |
| 2.1. | Окуучуларды кабыл алуу эрежелеринин жана процесстеринин объективдүүлүгүн жана ачык-айкындыгын камсыз кылуу. | SOS Бишкек шаардык Герман Гмайнер окуу-тарбия комплексинин мекемесине окуучуларды кабыл алуу тартиби жобонун негизинде кабыл алынат.<br>Бул Жобо Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамына (2023-жылдын 11-августундагы № 179), Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ченемдик укуктук актыларына, " SOS Бишкек шаардык Герман Гмайнер атындагы окуу-тарбия комплекси" мекемесинин Уставына, ошондой эле "SOS Кыргызстан балдар айылдары" коомдук фондунун ички документтерине жана жол-жоболоруна ылайык иштелип чыккан.<br>Билим берүү комплекси Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин лицензиясынын (АШ № 2370) негизинде иштейт жана мектепке чейинки жана жалпы орто билим берүү программалары боюнча окууга 3 жаштан 18 жашка чейинки балдарды кабыл алат.<br>Бул жобо баланын билим алуу укугун ишке ашырууга, ОТКга кабыл алуу жол-жобосунун жеткиликтүүлүгүн, ачыктыгын жана адилеттүүлүгүн камсыз кылууга, ошондой эле коррупциялык тобокелдиктердин алдын алууга багытталган. | **Тиркеме 2.1.1.**<br>Положение о приеме детей<br>**Тиркеме 2.1.2.**<br>Арыз<br>**Тиркеме 2.1.3.**<br>Буйрук<br>**Тиркеме 2.1.4.**<br>Каттоо журналы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2.2. | Окуучуларга билим берүү траекториясын калыптандырууга академиялык мобилдүүлүккө жана карьералык өсүшкө жардам берүү. | Азыркы санариптештирүү доорунда билим берүүнүн негизги максаты - окуучуларга жөн гана билим берүү эмес, алардын жекече жөндөмдөрүнө жараша индивидуалдык билим берүү траекториясын түзүү жана келечектеги карьералык өсүшүнө багытында иш алып барып жатабыз. Бул иштер окуучунун ички кызыкчылыктарын, инсандык сапаттарын жана заманбап эмгек рыногунун талаптарын айкалыштырууну талап кылат. Бул багытта жогорку (9-11) класстардын окуучуларынын кесиптик багытын аныктоо, психологиялык диагностика жүргүзүү жана алдыңкы жогорку окуу жайлары менен кызматташуу аркылуу практикалык көндүмдөрдү калыптандыруу иштерине өзгөчө көңүл бурулат. Төмөндөгү баяндамада окуучулардын билим алуу траекториясын өнүктүрүүгө багытталган иштердин жыйынтыктары, колдонулган методикалар жана келечектеги карьералык өсүүгө таасир этүүчү негизги факторлор талданат. Немис тилин тереңдетип окутуу - бул окуучунун келечектеги билим берүү траекториясындагы жана карьералык өсүшүндөгү эң чоң стратегиялык артыкчылыктардын бири. Биздин билим берүү мекемебизде немис тилинин тереңдетилип окутулушу окуучулардын академиялык мобилдүүлүгүн жана келечектеги кесиптик атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн камсыз кылган негизги багыт болуп саналат. Тилдик компетенцияларды өнүктүрүү төмөнкүдөй артыкчылыктарды берет:<br>• Германиянын ЖОЖдору менен интеграция: Немис тилин жогорку деңгээлде билүү окуучуларга Германиянын жана Европанын алдыңкы университеттеринде (мисалы, DAAD программалары аркылуу) акысыз же жеңилдетилген шартта билим алууга жол ачат. Бул - академиялык мобилдүүлүктүн эң жогорку көрсөткүчү.<br>• Кесиптик багыттын кеңейиши: Тилди билүү окуучуларга инженердик, медицина, IT жана эл аралык | **Тиркеме 2.2.1.**<br>Диплом немец тили<br>DSD I GOLD<br><br>Bestatigung<br><br>1) эл аралык дипломдорун тапшыруу<br><br>2) эл аралык дипломдорун тапшыруу<br><br>экзамендерин ийгиликтүү тапшырган студенттерди сыйлоо аземи |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | мамилелер сыяктуу заманбап тармактарда немис технологиялары жана методикалары менен түздөн-түз таанышууга мүмкүнчүлүк берет.<br>• Дипломдук артыкчылыктар: Мектеп алкагында немис тили боюнча эл аралык сертификаттарды (DSD ж.б.) алуу — окуучунун карьералык картасындагы алгачкы олуттуу жетишкендиги жана эл аралык эмгек рыногуна кирүүгө алган "билети". | |
| 2.3. | Билим берүү программасы мурунку билим берүүнүн квалификациясын (билим деңгээли), мезгилдерин жана окутуунун натыйжаларын объективдүү таанууну камсыз кылуу. | Биздин ОТК немис тилин тереңдетип окуткандыктан, акыркы 5 жыл ичинде жогорку деңгээлде окутулуп, жыйынтыгын берип келет. Немис тилинин иши туруктуу тил көндүмдөрүн өнүктүрүүгө, эл аралык сынактарга даярданууга, окуучулардын  академиялык мобилдүүлүгүн өнүктүрүүгө жана эл аралык кызматташтыкты кеңейтүүгө багытталган.<br>2022-жыл боюнча:<br>A1 – 13 окуучу<br>A2 – 14 окуучу<br>DSD I – 12окуучу<br>DSD II – 6 учащихся<br>Германияда билим алуу үчүн 4 окуучу жыйынтык көрсөтүштү. Немис тили боюнча республикалык олимпиадада 1-орунду Асилбекова Айпери камсыз кылды.<br>2023 –жыл боюнча:<br>A1 – 25 окуучу<br>A2 – 14 окуучу<br>DSD I – 13 окуучу<br>DSD II – 0<br>Республикалык олимпиадада немис тилинен 3-орунду Аймукамбетов Мухаммад алды.<br>2024 –жыл:<br>A1 – 20 окуучу | **Тиркеме 2.3.1**<br>Кызматтык келишим<br>**Тиркеме 2.3.2**<br>PASCH мүчөлүгүнө ырастоо<br>**Тиркеме 2.3.3**<br>DSD I тил диплому<br>Bestatigung |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | A2 – 17 окуучу<br>DSD I – 14 окуучу<br>DSD II – 5 окуучу<br>Стипендия DAAD – 2 окуучу (Аймукамбетов Мухаммад, Ибраева Жибек)<br>Республикалык олимпиада да 2-орунду М.  Аймукамбетов алды.<br>Германияда билим алууга – 2 окуучу чыкты.<br><u>2025-жыл боюнча:</u><br>A1 – 22 окуучу<br>A2 – 18 окуучу<br>DSD I – 13 окуучу<br>DSD II – 1 окуучу<br>Олимпиада өткөрүлгөн жок.<br>Германияга билим алууга – 2 окуучу чыкты.<br><u>2026-жыл боюнча:</u><br>DSD I – 13 окуучу<br>DSD II – 8 окуучу<br>Олимпиада болгон жок.<br>Акыркы мезгилде жыйынтыктардын туруктуу оң динамикасы байкалган. Өзгөчө маанилүү DSD II экзаменин ийгиликтүү тапшырган окуучулардын санынын көбөйүшү, даярдыктын жогорку деңгээлин тастыктайт.<br>Мектептин окуучулары немец тили боюнча республикалык олимпиадаларга байма-бай катышып, байгелүү орундарды багындырып келишет. 2025 жана 2026-жылдардагы олимпиадалар токтотулганына карабастан, таланттуу окуучулар менен даярдык иштери системалуу түрдө улантылды.<br>2023-жылы немис тилинен М.Аймукамбетов Zentralstelle für das Auslandsschulwesen уюмунун колдоосу менен уюштурулган немис тили боюнча адабий сынактын жеңүүчүсү болгон. Сыйлык катары ал Германияда бир айлык билим | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | берүү программасын өздөштүрүү мүмкүнчүлүгүн алды. Бул программага катышуу анын тил көндүмдөрүн тереңдетүүгө, маданияттар аралык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө жана мектептин эл аралык кызматташтыгын бекемдөөгө жардам берди.<br>2021-2022-окуу жылында немец тилинен Асилбекова Айпери 1-орун DAADтын стипендиясына кандидат болду. Турсунова Аделя Германияда өткөрүлгөн бекер билим алуу үчүн колледжге жолдомого ээ болгон.<br>Мектептин бүтүрүүчүлөрү жыл сайын Германияда билимдерин улантышат. Окуучулар престиждүү DAAD стипендиясын алышат, бул алардын тилдик жана академиялык даярдыгынын жогорку деңгээлин көрсөтүп турат.<br>2022<br>• Асилбекова А. — Charité – Universitätsmedizin Berlin университетинде окуйт.<br>• Турсунова А. — социология адистиги, Вена университети (Австрия).<br>• Бир нече бүтүрүүчүлөр Германияда Au Pairs катары ийгиликтүү иштеп жатышат.<br>2024<br>• М.Аймукамбетов — DAAD стипендиясынын алуучусу, Журналист программасы, Freie Universität Berlin.<br>• Алибек Аширбеков — Падерборн университетинин машина куруу факультети.<br>2025<br>• Муратова А. — «Kauffrau für Büromanagement» адистиги боюнча Ausbildung (Германия, Родинген).<br>• Мейлишев Н. — «КФЗ-Мехатроника» адистиги боюнча Аусбилдунг (Германия, Родинген).<br>Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу<br>Немец  тили мугалимдери жогорку профессионалдык квалификацияга ээ жана дайыма эл аралык деңгээлде өз | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | квалификациясын тастыктап турушат. Мугалимдер DSD I жана DSD II Алтын сертификаттарына ээ, бул аларга Zentralstelle für das Auslandsschulwesen (Билим берүү факультети) алкагында эл аралык деңгээлде Deutsches Sprachdiplom экзамендерин башкарууга укук берет.<br>DSD Gold сертификаты:<br>• экзамендерди даярдоонун эл аралык стандарттарына ылайык келүүсүн;<br>• расмий DSD I жана DSD II экзамендерин өткөрүү укугун,<br>• усулдук жана экзамендик компетенттүүлүктүн жогорку деңгээлин,<br>• баа берүүнүн эл аралык талаптарына шайкештигин тастыктайт. | |

***Күчтүү жактары:***

1. Окуучуларды кабыл алуу эрежелеринин жана процесстеринин объективдүүлүгүн жана ачык-айкындыгын камсыз кылынат.
2. Билим берүү программасы мурунку билим берүүнүн квалификациясын (билим деңгээли), мезгилдерин жана окутуунун натыйжаларын объективдүү таанууну камсыз кылат.

DSD Gold сертификаты экзамендерди даярдоонун эл аралык стандарттарына ылайык келет.

***Алсыз жактары:***

1. Окуучунун карьералык өсүшүн мектептен кийин (бүтүрүүчүлөр менен байланыш) көзөмөлдөө системасынын начардыгы.
2. Немис тилин тереңдетүүгө басым жасалганы менен, айрым окуучулардын тил деңгээли академиялык мобилдүүлүккө (мисалы, DSD II деңгээлине) жетпей калышы.

***Сунуштар:*** Окуучунун мектептеги жетишкендиктерин, волонтердук иштерин жана долбоорлорун камтыган электрондук платформаны ишке киргизүү. Бул ЖОЖго тапшырууда негизги сунуштама болуп бере алат.

| № | Өзүн-өзү баалоонун критерийлери | Өзүн-өзү баалоонун жыйынтыгы | Далил базасы |
|---|---|---|---|
| **Стандарт 3. Инсанга багытталган окутуу жана окуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин баалоо** | | | |
| 3.1. | Педагогикалык методдорду, билим берүүнүн формаларын жана технологияларын баалоо жана тууралоо үчүн окуучулардын үзгүлтүксүз кайтарым байланышын колдонуу. | ОТКда педагогикалык кызматкерлердин ишин баалоо ички көзөмөлдүн жана сапатты камсыз кылуу системасынын негизинде жүргүзүлөт. Баалоо төмөнкү механизмдер аркылуу ишке ашырылат:<br>• администрация тарабынан сабактарга системалуу катышуу;<br>• билим сапатынын көрсөткүчтөрүн талдоо (чейректик, жылдык жыйынтыктар);<br>• ата-энелер жана окуучулар арасында жүргүзүлгөн сурамжылоолор;<br>• мугалимдердин портфолиосун кароо.<br><br>Баалоонун жыйынтыгы педагогикалык кеңеште талкууланып, төмөнкү чечимдер кабыл алынат:<br>✔ квалификациясын жогорулатууга сунуштоо;<br>✔ усулдук жардам көрсөтүү;<br>✔ насаатчы дайындоо;<br>✔ сыйлоо жана дем берүү;<br>✔ аттестацияга сунуштоо.<br>ОТКнын бардык иш пландарында, программаларында окутуунун максаты коюлган. Мугалимдердин бардыгы сабактын максатын окуучунун позициясынан коюшат. Сабактын максатын | **Тиркеме 3.1.1.**<br>Сабакка катышуу баракчасы<br>**Тиркеме 3.1.2.**<br>Билим сапаты боюнча аналитикалык маалымат<br>**Тиркеме 3.1.3.**<br>Педагогикалык кеңештин протоколдору<br>**Тиркеме 3.1.4.**<br>Усулдук бирикмелердин протоколу<br>**Тиркеме 3.1.5.**<br>Протокол<br>**Тиркеме 3.1.6.**<br>Сыйлоо жана дем берүү боюнча буйруктар<br>**Тиркеме 3.1.7.**<br>Сыйлыкка көрсөтүү<br>**Тиркеме 3.1.8.**<br>Сурамжылоо<br>**Тиркеме 3.1.9.**<br>Насаатчылык иш планы, жобосу<br>**Тиркеме 3.1.10.**<br>Насаатчылык максаттары жана милдеттери<br>**Тиркеме 3.1.12**<br>Насаатчылык иш план |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | окуучунун позициясынан коюу алардын предметтик компетенттүүлүгүн калыптандырат.<br>Усулдук бирикменин жетекчилери, администрация мугалимдердин сабагына байкоо жүргүзүүдө бул маселеге зор көңүл бурушат. Сабактын максаты сөзсүз түрдө көрүнүктүү жерге илинет. | **Тиркеме 3.1.13.**<br>Мугалимдердин портфолиосу |
| 3.2. | Баалоонун критерийлеринин жана методдорунун, контролдоонун күтүлүп жаткан түрлөрүнүн, баалоонун натыйжаларына апелляция берүү жол-жоболорун жеткиликтүүлүгүн жана ачык-айкындыгын камсыз кылуу. | Окуучулар жана ата-энелер арасындагы даттануулар боюнча Кыргызстандагы «SOS Балдар айылдары» кайрымдуулук фондунун Балдарды коргоо саясаты жөнүндө документ кабыл алынган. Ал документ боюнча мекемеде “Балдардын укугун коргоо” командасы түзүлөт. Алардын аты-жөнү, байланыш телефону көрүнүктүү жерге илинет. Мектепте “ишеним почтасы” уюштурулган, ага түшкөн арыздар бир айда бир жолу каралып, тийиштүү чечимдер кабыл алынат. “Ишеним телефондордун” номерлери көрүнүктүү жерлерге илинген. ата-энелердин арыздары боюнча, алар биринчи класс жетекчиге, психологго кайрылышат, андан сон директорго түздөн-түз кайрыла алышат. Директор чечим чыгара албаса, Кыргызстандагы «SOS Балдар айылдары» кайрымдуулук фондунун улуттук директоруна кайрылышат. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоо системасынын обьективдүү жана ачык айкын болушу билим сапатын көтөрүүдөгү эң эффективдүү инструмент болуп саналат. Ошондуктан | **Тиркеме 3.2.1.**<br>Апелляция б-ча жобо<br>**Тиркеме 3.2.2.**<br>Баалоо критерийлери<br>**Тиркеме 3.2.3.**<br>Аттестат каттоо журналы<br>**Тиркеме 3.2.4.**<br>Күбөлүк китепчеси<br>**Тиркеме 3.2.5.**<br>Ишеним телефону<br>**Тиркеме 3.2.6.**<br>Эссе |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | мугалим менен окуучунун ортосунда тен укутуулук жана жоопкерчилик болуш керек. Ал үчүн мугалимдер баалоонун традициялык баалоонун формаларын колдонбостон инновациялык ыкмаларды колдонушат. Байкоо жүргүзүү, портфолио, эссе, тест, презентациялар, өзүн-өзү баалоо, топтогу баалоо, бирин-бири баалоо, кыска диктанттар ж.у.с. Ошондой эле формативдик баалоо, диагностикалык баалоо, суммативдик баалоо жүргүзүлөт. Окуучулардын жетишкендиктерин, көндүмдөрүн баалоо үчүн мугалимдер тарабынан баалоо критерийлери колдонулат.<br>Акыркы 5 жылдын жыйынтыгы боюнча жетишпеген окуучу жок.<br>Бүтүрүүчүлөр 11-класстар:<br>2021-2022- о.ж. 32 окуучу<br>2022-2023 -о.ж. 32 окуучу<br>2023-2024 - о.ж. 24 окуучу<br>2024-2025 -о.ж.- 29 окуучу<br><br>9- класстар:<br>2021-2022- о.ж. 53 окуучу<br>2022-2023 -о.ж. 48 окуучу<br>2023-2024 - о.ж. 74 окуучу<br>2024-2025 -о.ж.- 72окуучу<br>Бүтүрүүчүлөр орто жетишүүсү 100% түзгөн. Бардык бүтүрүүчүлөр орто жана негизги билими жөнүндөгү документ менен камсыз болушкан. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3.3. | Окуучулардын окуусун таштап кетүү себептерине дайыма талдоо жүргүзүлөт, алардын окуудагы жетишкендиктери жана бекемделиши боюнча чаралар көрүлөт. | "Билим берүүнүн сапатын жогорулатуунун жана ар бир балага бирдей мүмкүнчүлүк түзүүнүн негизги шарты — окуучулардын мектеп чөйрөсүндө туруктуу калышы жана окуусун үзгүлтүккө учуратпоосу болуп саналат. Ушул максатта, окуучулардын окууну таштап кетүү себептерине туруктуу негизде мониторинг жана терең талдоо жүргүзүлөт. Бул талдоо бир гана сандык көрсөткүчтөрдү эмес, окуучунун социалдык-психологиялык абалын, үй-бүлөлүк шартын жана жеке жетишкендиктерин камтыйт. Төмөндө мектептеги окуучулардын сакталышын (контингенттин туруктуулугун) камсыз кылуу боюнча көрүлгөн чаралар жана алардын натыйжалары келтирилген." | **Тиркеме 3.3.1.**<br>Соцпаспорт |
| 3.4. | Окуучулардын ар кандай топторунун муктаждыктарын эске алуу жана жеке окуу траекторияларын, академиялык мобилдүүлүктү калыптандыруу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү берүү жана билим берүү кызматтарын көрсөтүүнүн башка варианттарын пайдалануу менен ишке ашыруу. | SOS Бишкек шаардык Герман Гмайнер атындагы окуу-тарбия комплекси ар бир баланын жеке жөндөмүн өстүрүүчү аянтча. Биздин негизги максатыбыз -окуучулардын түрдүү топтору үчүн жеткиликтүү жана сапаттуу билим берүү чөйрөсүн түзүү. Жеке окуу траекторияларын иштеп чыгуу жана академиялык мобилдүүлүктү колдоо аркылуу биз балдарга өздөрүнүн кызыкчылыктарына шайкеш келген билим деңгээлин алууга шарт түзөбүз.<br>Мектепте окуучулардын жөндөмүнө жана кызыгуусуна жараша уюштурулган ийримдер менен атайын курстар — бул жеке окуу траекториясынын ажырагыс бөлүгү. Биздин максат - ар бир окуучуга | **Тиркеме 3.4.1.**<br>Ийрим планы<br>**Тиркеме 3.4.2.**<br>Атайын курстар планы<br>**Тиркеме 3.4.3**<br>Кесипке багыттоо планы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | өзүнүн потенциалын сыноого жана кесиптик багыт алууга (профориентация) эркин аянтча түзүп берүү. Бул курстар окуучулардын академиялык билимдерин практикада колдонуусуна жана универсалдуу көндүмдөрүн өнүктүрүүсүнө шарт түзөт. | |
| 3.5. | Окуу жүктөмүнө, окуучулардын окуу жетишкендиктерине жана бүтүрүүсүнө, окуусун улантууга жана бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусуна мониторинг жүргүзүлөт. | Мектептин билим берүү ишмердүүлүгүнүн сапатын баалоо —бул көп кырдуу мониторингдик изилдөөлөрдүн жыйынтыгы болуп саналат. Биздин мектепте окуучулардын окуу жүктөмүн оптималдаштыруудан баштап, алардын окуудагы жетишкендиктерине, бүтүрүүчүлөрдүн билим алуусун андан ары улантуусуна жана эмгек рыногунда ишке орношуусуна чейинки процесстерге туруктуу көзөмөл жүргүзүлөт. Мындай системалуу мониторинг билим берүү программаларынын актуалдуулугун аныктоого жана окуучулардын кесиптик багыт алуусуна көмөктөшүүчү башкаруучулук чечимдерди кабыл алууга негиз болот. | **Тиркеме 3.5.1.**<br>Окуу иштеринин анализи:<br>2023-2024<br>2024-2025<br>2025-2026<br>Жылдык анализ |

***Күчтүү жактары:***

1. Окуучулардын жөндөмүнө жараша интеллектуалдык, чыгармачылык атайын курстар жана ийримдер каралган.
2. Өзгөчө жөндөмдүү балдар үчүн олимпиадаларга жана долбоорлорго катышуусуна методикалык жардам көрсөтүлөт.
3. Окуу жүктөмүнүн ченемдери сакталат, бул окуучулардын ден соолугун жана билим алууга болгон мотивациясын сактоого көмөктөшөт.
4. Мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн окуусун улантуусу (ЖОЖ, колледж) жана андан кийинки ишке орношуусу боюнча туруктуу кайтарым байланыш жана мониторинг системасы жолго коюлган.
5. Окуучулардын жетишкендиктеринин динамикасы талданат.

6. Билим сапатын жогорулатуу үчүн объективдүү маалыматтар пайдаланылат.

***Алсыз жактары:***

7. Мектептен башка жакка которулуп кеткен окуучулардын кийинки окуу жайынан тастыктоочу маалымкаттарды (подтверждение) алууда кечигүүлөр же кыйынчылыктар кездешет.
8. Окуучулардын баарынын кызыгуусун камтуу үчүн ийримдердин түрлөрүн дагы да кеңейтүү зарылчылыгы бар.
9. 3-5 жыл мурун бүтүргөн окуучулардын ишке орношуусу же карьералык өсүшү боюнча маалыматтарды чогултуу системасынын толук калыптана электиги.

***Сунуштар:***

1. Ар бир окуучунун себепсиз калтырган сааттарын автоматтык түрдө эсептеп, ата-энеге дароо кабар берүүчү системаны активдештирүү.
2. Окуучулардын суроо-талабына жараша (сурамжылоонун негизинде) заманбап багыттагы (SMM, графикалык дизайн, тил курстары) кыска мөөнөттүү акы төлөнүүчү же акысыз курстарды киргизүү.
3. Ар бир окуучунун 5-класстан баштап ийримдерге катышуусу жана жетишкендиктери жазылган электрондук портфолиосун жүргүзүү. Бул бүтүрүүчү класстарда кесип тандоого жардам берет.
4. Ийримдердин материалдык базасын чыңдоо үчүн (мисалы, тигүү машиналары же компьютердик класс үчүн) эл аралык уюмдар жана демөөрчүлөр менен биргелешкен долбоорлорду жазуу.
5. Мектепти бүтүргөн окуучулар менен байланышты үзбөө үчүн "Ачык эшик" күндөрүн уюштуруу жана алардын ийгиликтерин (кайда окуйт, кайда иштейт) чагылдырган социалдык тармактардагы баракчаларды иштетүү.

| № | Өзүн-өзү баалоонун критерийлери | Өзүн-өзү баалоонун жыйынтыгы | Далил базасы |
|---|---|---|---|
| **Стандарт 4. Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал** | | | |
| 4.1. | Ишке ашырылып жаткан билим берүү программасына жана эмгек мыйзамдарынын талаптарына педагогикалык жана окуу-көмөкчү персоналдын курамы, квалификациясы, билими жана тажрыйбасы шайкеш келет. | Мектепте билим берүү программасын ишке ашыруучу педагогикалык жана окуу-көмөкчү персоналдын курамы билим берүү мыйзамдарынын талаптарына ылайык түзүлгөн. Педагогдордун басымдуу бөлүгү жогорку билимдүү адистер болуп саналат. Акыркы 5 жыл ичинде педагогикалык кызматкерлердин саны 39дан 47ге чейин көбөйгөн. Бул кадрдык потенциалдын туруктуу өнүгүүсүн көрсөтөт. Мугалимдердин квалификациясы, билими | **Тиркеме 4.1.1.** Педагогикалык курам боюнча кеңейтилген талдоо<br>**Тиркеме 4.1.2.** Педагогикалык курамдын дипломдору |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | жана иш тажрыйбасы окутуу программасын сапаттуу ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берет. | **Тиркеме 4.1.3.** Эмгек жамаатынын сандык жана сапаттык курамы **Тиркеме 4.1.4.** Педагогикалык стаж боюнча талдоо |
| 4.2. | Билим берүү программасында педагогдорду тандоо, мотивациялоо жана бекитүү үчүн, ошондой эле педагогикалык жана окуу-көмөкчү персоналдын инновациялык билим берүү методдору жана технологиялары боюнча квалификациясын үзгүлтүксүз жогорулатуу үчүн шарттар түзүлдү. | ОТКнын педагогдорду тандоо, жумушка кабыл алуу жана мотивациялоо иштери эмгек мыйзамдарына жана ички жоболорго ылайык жүргүзүлүп келет. Мугалимдердин кесиптик өнүгүүсүнө өзгөчө көңүл бурулуп, квалификациясын жогорулатуу курстары, семинарлар, тренингдер жана методикалык бирикмелер аркылуу тажрыйба алмашуу уюштурулуп турат. Педагогдор заманбап билим берүү технологияларын жана инновациялык методдорду колдонуу боюнча үзгүлтүксүз билимдерин жогорулатып келишет. | **Тиркеме 4.2.1.** Матричная оценка **Тиркеме 4.2.2.** Должностная инструкция **Тиркеме 4.2.3.** Трудовой договор учителя **Тиркеме 4.2.4.** Эмгек китепчеси **Тиркеме 4.2.5.** Жумушка кабыл алуу буйругу |
| 4.3. | Педагогдор окуу куралдарын, окуу китептерин жана башка методикалык иштеп чыгууларды үзгүлтүксүз чыгарат жана өркүндөтөт. | Герман Гмайнер окуу –тарбия комплексинин педагогикалык коллективи билим берүү программасынын негизинде окуу китептерин жана башка методикалык колдонмолорду үзгүлтүксүз чыгарып турушат. Ал колдонмо жана китептерди сабактарында колдонушат. Алсак, Байзакова А.С. менен Джакыпова Ч.К. жазган окуу китептери: Кыргыз тили 1-кл. А. С. Байзакова, Ч.К. Джакыпова. Алиппе 1-кл. А.С. Байзакова, Ч.К. Джакыпова. Көркөм окуу 1-кл. А.С. Байзакова, Ч.К. Жакыпова. Жазуу дептери 1-кл. А.С.Байзакова, Ч.К.Джакыпова. Ушул эле автолордун 2-класс үчүн китептери: Эне | **Тиркеме 4.3.1.** Мугалимдердин китеби А.С.Байзакова жана Ч.К.Джакыпова **Тиркеме 4.3.2.** Ж.А. Каримова **Тиркеме 4.3.3.** Окуу каталогу |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | тили 2-кл., Адабий окуу 2-кл., Адабий окуу иш дептери 2-кл., Кыргыз тили иш дептери 2-кл.<br><br>Ал эми башталгыч класстын дагы бир мугалими Каримова Ж.А. “Китепстан” басма үйүнөн “Таабалды Эгембердиевдей кантип жаратман боло алам?” аттуу китеби жарык көрдү. Балдар үчүн арналган, эң кызыктуу китеп. Мугалим сабагында колдонот. Каримова Ж.А. көптөгөн балдар үчүн китептердин жана сайттардын котормолорун которот. “IBilim”сайтынада математика сабагын иштеп чыккан. Окуучулар жана мугалимдер үчүн санарип билим берүү платформасында “Санарип Кампа”аталыштагы платформада котормочу. Башталгыч класстар үчүн колдонулат. Ошондой эле ушул платформада география бөлүмүндө котормочу. Информатика мугалими Жуманалиева З. А.нын “Улуу Тоо” басмаканасынан жарыкка чыккан, “Python программалоо тили боюнча практикалык колдонмо китеби”. Python программалоо тилине кызыккандар жана өз алдынча кызыккандар, мугалимдер, окуучулар үчүн практикалык колдонмо. 4-5 класстар үчүн информатика иш дептеринин автору. 4-класстар үчүн Жуманалиева З.А. атайын иш дептерин иштеп чыккан. 7-класстар үчүн жумушчу дептерин түзүүчүлөр: информатика мугалими З.Жуманалиева, Г.Жороева жана физик мугалими Молдоева Г.<br>Кыргыз тили жана адабияты мугалими Н.Өскөналиевдин “Орус-кыргызча” сөздүгү. АЧД жана орус тили сабагына колдонулат. | **Тиркеме 4.3.4.**<br>З.А.Жуманалиева, Г.Жороева, Молдоева Г. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Эт тартуу –устукан расмиси жана эт менен тамактана билүү(колдонмо). Классикалык изилдөөлөр (түзүүчү). Актанова Г. “ Комуз таануу” аттуу китеби(усулдук колдомо) комуз ийримине окуучулар үчүн окуу китеби катары колдонулат. Китеп атайын балдардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша, чоң форматта, түстүү, сүрөттөрү менен толукталган..Ноталары да чоң шриф менен жазылган. Педогогикалык коллектив бул методикалык колдонмолорду, китептерди башка кесиптештерине дагы жайылтышат. Окуучулар жана педагогдор үчүн да бир топ жеңилдиктер болот. | **Тиркеме 4.3.5.** Н.А. Өскөналиев **Тиркеме 4.3.6.** Н.Өскөналиев |
